| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>АЛАМҮДҮН РАЙОНУ<br>ДОСТУК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН<br>ДОСТУК АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

2024-ж. 19 июнь № 40/10-XXVIII Ленин а.

## "Достук айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетинин социалдык-экономикалык планын бекитүү жөнүндө"

№370 Президентинин 29.12.2023-жылдагы "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде администрациялык-аймактык реформаны жүргүзүү жөнүндө" Жарлыгын аткаруу максатында, ФЭБ башкы адиси Г. Мурзакулованын маалыматын угуп жана талкуулап, 16-Май 2016-жылдын №60 "Бюджеттик кодексине" ылайык, Достук айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** Достук айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2024-жылга киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча бюджети 93092,7миң сом суммасында бекитилсин (атайын каражаттарды эске алуу менен);

- бюджет-86642,7 миң сом
- атайын каражаттар-6450,0 миң сом

**2.** 2024-жылга киреше бөлүгү 93092,7 миң сом суммасында атайын каражаттарды эске алуу менен 1-тиркемеге ылайык бекитилсин;

**3.** 2025-2026-жылдарга бюджеттин киреше бөлүгү боюнча болжол 2-тиркемеге ылайык бекитилсин;

**4.** Бюджеттин чыгаша бөлүгү 86642,7 миң сом суммасында атайын каражаттарды эске алуу менен 3-тиркемеге ылайык бекитилсин;

**5.** Айыл өкмөтүнүн 2024-жылга бюджетинин чыгашаларын каржылоо иш жүзүндө алынган кирешелердин чегинде, көрсөтүлгөн тартипте корголгон беренелер боюнча жүргүзүлө тургандыгы белгиленсин (эмгек акы, социалдык фондко чегерүүлөр, тамак-аш, коммуналдык кызматтар);

6. Финансы бөлүмүнө өндүрүштүк зарылдыкка байланыштуу, “Бюджеттик кодекске " ылайык 109-берене финансылык жылдын ичинде кайра бөлүштүрүлгөн каражаттардын жалпы көлөмү чыгымдардын корголгон беренелерин азайтпастан, бюджеттик каражаттардын ар бир башкы тескоочусу боюнча өзүнчө чыгымдардын жыйынды көлөмүнүн 5 пайызынан ашпоого тийиш;

7. 2024-жылга Ленин айыл өкмөтүнүн аппарат, китепкана, клуб боюнча штаттык расписаниеси 5,6,7,8,9-тиркемеге ылайык бекитилсин;

8. Балдар бакчасынын тарбиялануучуларынын тамактануусуна жергиликтүү бюджеттен ар бир балага 25 сом өлчөмүндө бекитүү;

9. Бала бакчанын тарбиялануучуларынын тамак-ашына ата-эненин салымынан келген күнү ар бир бала үчүн 75 сомдон сумманы бекитүү;

10. Айыл Өкмөтүнүн резервдик фонду 2024 жылга жалпы чыгашалардын 1% өлчөмүндө 832,0 миң сом суммасында бекитилсин;

11. Өзүнүн милдеттерин ак ниет аткаргандыгы үчүн материалдык колдоо көрсөтүү максатында 2024-жылдын бюджетинде "Мамлекеттик кызматтар" бөлүмү боюнча базалык ставкадан 30%, б. а.1217,4 миң сом суммасында эмгек акыга үстөк акы каралсын.

12. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ленин айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Н. Аалиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Т. Айтиев**